БАТКЕН ОБЛУСУНУН
КАДАМЖАЙ РАЙОНДУК
ПРОКУРАТУРАСЫ

ПРОКУРАТУРА
КАДАМЖАЙСКОГО РАЙОНА
БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ

720200, Кадамжай району, Кадамжай ш.
Орозбеков көч.90, тел.(03655) 5-08-76,
факс: +996(03655) 5-02-17,
e-mail:prok_kadamjay@mail.ru

720200, Кадамжайский район, г. Кадамжай,
ул.Орозбекова 90 тел (03655) 5-08-76,
факс: +996(03655) 5-02-17,
e-mail: prok_kadamjay@mail.ru

26.04.24 № 11/130-24

Баткен облусунун
прокурорунун орун басары
**Ж.А. Жолдошевге**

**М А А Л Ы М А Т**
*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына Баткен №2 бир мандаттуу шайлоо округуна талапкер Б.Калпаев боюнча*

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын маалыматына ылайык Интернет булактары “Facebook” сайтынын колдонуучусу Мурзамир Балтабаев аттуу жаран өзүнүн баракчасы аркылуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер, Баткен бир мандаттуу №2 шайлоо округунан №9-талапкер Калпаев Бактияр үгүт иштерин жүргүзүү учурунда фото жана видео материалдарында бийлик өкүлдөрүн сүрөттөрүн коюп административдик ресурсту пайдаланып жаткандыгын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаты Ырысбек Атажанов жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө кысым көрсөтүп жаткандыгын билдиргендиги маалым болгон.

Аталган факты боюнча Кадамжай райондук ИИБнүн МЭЖне 02-048-2024-001100 саны менен катталып, текшерүү учурунда төмөнкүлөр аныкталган.

Тергөө амалдарынын жүрүшүндө жергиликтүү тургун М.Балтабаев тарабынан “facebook” аркылуу жазылган пост боюнча бир катар кызмат адамдары жана жергиликтүү тургундар күбө катарында суракка алынып, бирок алар Жогорку Кенештин депутаты Ы.Атажанов тарабынан карапайым элдерге жана бийлик өкүлдөрүнө шайлоо боюнча эч кандай коркутуу жана кысым көрсөтүүлөр болгон жоктугун айтып сурагында тастыктаган.

Ал эми, Баткен бир мандаттуу №2 шайлоо округунан №9-талапкер Калпаев Бактыяр өзүнүн бийлик өкүлү К.Ташиев менен түшкөн видео жана сүрөттөр эски, 2021-жылдагы шайлоо учурунда түшкөндүгүн айтып, ошол учурда соц тармактарына жүктөлгөндүгүн билдирип, ал эми бул видеолорду элдер өз алдынча интернет булактарына далили жок чыгарып жаткандыгын айтып, ал өзүнүн социалдык баракчаларында жана агитация иштерини жүргүзүү учурунда да эч кандай бийлик өкүлдөрү менен түшкөн сүрөттөрүнү пайдаланбагандыгын тастыкталган.

Ошондой эле, аталган соц баракчага жарыяланган постко “Жогорку Кенештин депутаты Ы.Атажанов тарабынан карапайым элдерге жана бийлик өкүлдөрүнө

шайлоо боюнча кысым көрсөтүлүп жатат" деген коменттарий жазган М.Балтабаев аттуу жаран суралып, ал өзүнүн көрсөтмөсүндө: *Мен мындан 2-3 күн мурда Фейсбук тиркемесини көрүп отуруп, азыркы учурда Жогорку кенещке талапкер Бактияр Калпаевтин талапкерлигин Камчыбек Ташиев колдоп жаткан видеосун көрүп, ошол учурда ал видего мен туура эмес болуп жаткандыгын айтып ресурс катары колдонуп атканын билдирип коментарий жазганмын. Ал эми Жогорку кенештин депутаты Ы.Атажанов тарабынан кысым болуп жатканын элдердин арасында сөз болуп жүрөт жана Молдо-Нияз айыл өкмөтүнүн башчысы Х.Досатов тарабынан өзүнүн 12 кызматкеринин ичинде да айтылгандыгын да уктум. Мен ал Досатовту да ишчилерин да таанысбаймын деп билдирген.*

Ал эми, Молдо-Нияз айыл өкмөтүнүн башчысы Х.Досатов өзүнүн көрсөтмөсүндө: *Мен Молдо-Нияз айыл аймагында өкмөт башчы болуп 2023-жылдын 3-мартынан бери эмгектенип келемин. Ал эми шайлоо боюнча мага эч кандай кагаз да келген жок. Биз мамлекеттик кызматкер болгону үчүн мындай нерсеге аралаша албайбыз. Менин Ы.Атажанов менен эч кандай мамилем жок, бирок ал кишини Жогорку Кенештин депутаты катары тааныймын. Мага эч кандай Ы.Атажанов тарабынан кысым болгон жок, жана мен кол астымдагы кызматкерлерге шайлоо боюнча талап да койгон эмесмин* –деп билдирген.

Жогорудагы факты боюнча текшерүүдө талапкер Б.Калпаев тарыбынан жүргүзүлгөн агитация иш чараларыны жүргүзүү учурунда эч кандай мыйзам бузуучулук аныкталбагандыктан 02-048-2024-001100 сандуу тергоо иши Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 27-бер. 1-бол. 2-п. негизинде кылмыш иш козгоодон баш тартылган.

Ошондой эле, аталган факты боюнча текшерүүнүн жыйынтыгы менен Кадамжай райондук ИИБмү тарабынан 2024-жылдын 25-апрелинде 34-6/1765 чыгыш саны менен Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын борбордук шайлоо комиссиясына, Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Баткен округдук шайлоо комиссиясына кат түрүндө билдирилген.

Мындан сырткары, райондук прокуратура татабынан, 02-048-2024-001004 сандуу материалдар көзөмөл иретинде окулуп чыгып, мыйзамдуу жана негиздүү чечим кабыл алынгандыктан, тактама түзүлгөн.

Кадамжай районунун прокурору **А.Имангазиев**